**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2022-жылдын 14-июнунда болуп өткөн профессордук-окутуучулук курам менен жолугушуусунун протоколу**

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 14

**Күн тартиби:**

1. Профессордук-окутуучулук курамга сурамжылоо жүргүзүү
2. Профессордук-окутуучулук курамдын сунуш-пикирин угуу

**Угулду:**

Жыйындын төрагасы, доцент Н.Турганбаев – Саламатсыздарбы, агайлар-эжекелер? Бизде салт болуп калгандай, ар окуу жылынын аягында курамдан анкета алынат. Бүгүн силерди топтоп отурганыбыздын да себеби – ушул. Анкетада 3 багыттагы суроолор бар. Силер берген жооптор факультеттин өсүп-өнүгүшүнө, кемчилдиктерди жоюуга, окуу пландардын өзгөрүшүнө салым кошот.

Жалпы окутуучуларга анкета таратылып берилет.

**Сөзгө чыккандар**:

Проф. С.Момуналиев – Кесиптештер, албетте, сурамжылоонун жүргүзүлүшү бул алдыга болгон кадамдын бир багыты болот. Ал менен биз жетишкендик, кемчилдиктерибизди билип, кемчилдиктерди жоюуга шарт түзөт. Ошондуктан болгон нерсени жашырбай, анкетадагы суроолорго толук жооп берип, иштин кызыкчылыгын ойлосок деген сунушту айтмакмын.

Доц. А.Мурзакметов – Биздин факультетте бир топ алгылыктуу иштер жүргүзүлүп келет. Албетте, окутуучулардын салымы чоң. Биздин анкетага берген жоопторубуздун, сунуштарыбыздын негизинде университетте, факультетте өзгөрүүлөр, өнүгүүлөр болот деп ойлойм. Университет тарабынан проектилерге тартуу, мобилдүүлүктү жандандыруу иштери жүргүзүлсө жакшы болмок. ОПК үчүн методикалык семинарларды көбөйтүү керек.

Доц. З.Раимбердиева – Саламатсыздарбы, кесиптештер? Менин айтайын деген сунушум: окутуучуларга методикалык жактан жардам берүүчү акысыз семинар-тренингдер өтүлүп турса жакшы болмок. Заманбап техникалык каражаттарды жакшыртуу зарылдыгы бар. Ошондой эле өндүрүш менен байланышты да жакшыртсак.

Жыйындын негизинде жалпы катышуучулардын пикири эске алынып, төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**1**. Профессордук-окутуучулук курамдын жолугушуусу канааттандырарлык деп табылсын.

**2**. Профессордук-окутуучулук курамдын төмөнкү сунуш-пикирлери эске алынсын:

1) филологиялык билим берүү багытта өз алдынча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, жыйынтыктарына баа бере алышы;

2) өздөрүнүн илимий изилдөөлөрүндө кесиптик билим берүүнүн технологияларын пайдалана алышы;

3) Университет тарабынан проектилерге тартуу, мобилдүүлүктү жандандыруу;

4) Заманбап техникалык каражаттарды жакшыртуу;

5) Тандоо курстарын өткөрүүдө магистрлердин, иш берүүчүлөрдүн сунуштарын эске алуу;

6) ОПК үчүн методикалык семинарларды көбөйтүү;

**3.**Айтылган сунуш-пикирлер факультеттин Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

**Көчүрмө анык.** Катчы: Заирова Н.

14-июнь, 2022-жыл